Ыракат алам, жаным, сени сүйүүдөн,
Тажабаймын, жаным, сен деп жүрүүдөн.
Мени түшүнгөн, мени таңдаган
Сенин бар экениңе сүйүнөм.

Кубат алам, жаным, сени сагынып,
Махабаттын жылуу оту жагылып.
Кыялымдагы бакытым болуп
Калгансың маңдайыма жазылып.

Бүгүн барам сага гүл алып,
Тосуп алчы, жаным, кубанып.
Сен менин аманатым, асылым
Жүрөгүмдөгү тумарым, тумарым...

Сени менен билдим сүйүү тереңин,
Жанымда бол, жаным, менин керегим.
Сени сүйөмүн, ушул түбөлүк
Экөөбүз бир болуунун себеби.

Бүгүн барам сага гүл алып,
Тосуп алчы, жаным, кубанып.
Сен менин аманатым, асылым
Жүрөгүмдөгү тумарым, тумарым...